**Бекитемин:**
**Мектеп мүдүрү: Тептова Н.Т**

## Сабактардын апталыгын өткөрүүнүн

## Жобосу

## Сооронбай уулу Дүр атындагы орто мектеби

### 1.Жалпы жобо

1.1.Илимий-усулдук жана тажрыйбалык ишти пландаштыруунун чегинде мугалимдердин профессионалдык компитентүүлүгүн жогорулатуу,ошондой эле окуучулардын таанып-билүүчүлүк жана чыгармачылык активтүүлүгүн өнүктүрүү максатында предметтик апталар жыл сайын өткөрүлөт.

**1.2. Предметтик апталардын маселелери:**

Ачык сабактардын жана класстан тышкаркы иш-чараларды даярдоо,уюштуруу жана өнүктүрүү аркылуу мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жакшыртуу.

Окуучулардын таанып-билүүсүн өнүктүрүүгө түрткү берген класстан тышкаркы мүнөздөгү предметтик чараларды уюштуруу.Окуучуларды өз алдынча чыгармачылык ишке тартуу,өтүлгөн сабактарга кызыгуусун арттыруу.

Чыгармачылык шыгы бар кандайдыр бир сабакка же билим тармагын терең кызыгып окуган окуучуларды аныктоо.Окуучулардын өз алдынча чыгармачылык ишке тартуу,өтүлгөн сабактарга кызыгуусун арттыруу.

Чыгармачылык шыгы бар кандайдыр бир сабакка же билим тармагын терең кызыгып окуган окуучуларды аныктоо.Окуучулардын илим,техника көркөм чыгармачылык тармак боюнча өнүгүүсү үчүн педагогикалык технологиялардан түзүү.

2. Предметтик апталардын уюштуруу жана ирети:
   2.1. Предметтик апталар усулдук бирикменин иш планына ылайык өткөрүлөт.
   2.2. Предметтик апталардын тематикасы окуу жылынын башында усулдук бирикменин отурумдарында аныкталат.
   2.3. Иш-чаралар апталардын максаты жана тематикасына жараша болушу керек.
   2.4. Предметтик апталардын уюштуруучулары усулдук бирикмелер болуп саналат.
   2.5. Предметтик апталардын катышуучулары:
   Предметтик апталарда катышкан окуучулар

2.6. Предметтик апталардын ичинде төмөнкүлөр өткөрүүгө мүмкүн.
Салттык эмес сабактар
Класстардын арасында сабактан тышкааркы иш чаралар
Жалпы мектеп ичинде иш чаралар
Колективдүү чыгармачылык иштер
Окутуу-тарбия берүү иш-чараларынын башкы формалары

2.7. Предметтик апталардын планын түзүүдө төмөнкүлөр эске алынсын:
Усулдук бирикменин мугалимдеринин бардыгынын катышуусу.
**Сабактардын жана иш чаралардын ар түрдүү формалары**

Предмет боюнча сабактан тышкаарКы иштерге окуучулардын толугу менен тартылышы
Предметтик апталарды өткөрүүнүн алдында билим жана тарбия берүү бөлүмүнүн башчысына иш-чаралардын тематикасы,убактысы жана жооптуулары берилген графиктин түзүлүшү.

2.8. Чыгармачылык апталардын план-графиги усулдук бирикмелердин отурумдарында талкууланат,андан соң мектептин мүдүрү тарабынан бекитилет.

2.9. Ар бир предметтик- мугалим предметтик тематикалардын чегинде бирден кем эмес сабак өтөт.

2.10. Ар бир предметтик-мугалим бирден кем эмес тематикалык иш-чара өткөрүүгө мүмкүндүк берилет.

2.11. Предметтик апталарды өткөрүү учурунда мектепте предметтик көрсөтмөлүү куралдар илинсин.

2.12. Апталардын жүрүшүндө уюшулган иш-чаралар усулдук бирикме отурумдарында анализденет.

2.13. Предметтик апталардын жыйынтыктары боюнча мектептин мүдүрүнө төмөндөгүдөй документтер тапшырылат.

Предметтик апталардын өткөрүү графиги.

Предметтик олимпиадаларды өткөрүү үчүн тапшырмалар,протоколдор жана алардын жыйынтыктары.

Ачык иш-чаралардын планы сценарийлери

Предметтик апталардын жыйынтыктары боюнча отчеттор
Мугалимдерге жана окуучуларга сыйлык берүү үчүн аты-жөнү берилсин.

2.14. Мугалимдердин тажрыйбасын жалпылоо,усулдук башатты түзүү максатында,апталардын жыйынтыктары системага келтирилет,папка уюштурулуп салынат,иш чаралар бүткөн соң уч күндөн кийин усулдук кабинетке коюлат.

2.15. Чыгармачылык апталардын жыйынтыктары мектептин мүдүрүнүн жыйынтыктоочу буйруктар китебинде белгиленсин.